| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**БАРСКООН АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БАРСКООНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын X-кезектүү сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 05-февралы** **№4** **Барскоон айылы**

## Барскоон айыл аймагындагы муниципалдык ишканалардын иши жана аларга жергиликтүү маанидеги маселелерди аткаруу функцияларын бөлүштүрүү жөнүндө

Барскоон айыл аймагында иш алып барып жаткан муниципалдык ишканалардын бир жылдык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча, муниципалдык жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна жетишүү, муниципалдык менчиктин түрлөрүн рационалдуу пайдалануу максатында, Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковдун бул маселе боюнча маалыматын угуп жана талкуулап, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КРнын мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Барскоон айыл аймагындагы калкты ичүүчү суу жана сугат суу менен камсыз кылуу иштерин алып барган “Суу – Өмүр булагы” муниципалдык ишканасы жоюлсун жана анын функциялары, штаттык бирдиктери менен материалдык-техникалык баалуулуктары “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасына өткөрүлүп берилсин.
2. “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасына жергиликтүү маанидеги төмөндөгү муниципалдык жана коммуналдык кызмат көрсөтүү функциялары жүктөлсүн:
   - калкты ичүүчү суу жана сугат суусу менен камсыз кылуу;
   - калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
   - жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
   - көрүстөндөрдүн иштешин жана расымдык кызматтардын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
   - жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
   - парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу, бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;